Кашкардан кара чай алып,
Каркыраган кара таш,
Какшаалдын тоосун таянып.
Сегиз ай жатып калганы. [3, 2-китеп, 1980, 16-б.].

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн элементтерин тастыктоодо кыргыздардын дипломатиялык иштери, мамлекеттик атрибуттары, элчилердин иштөө эрежелери, этикалык нормалары, соода-сатык боюнча алакалары, жер-жерлердеги башка элдер менен болгон саясий, экономикалык ж.б. байланыштары жөнүндө «Манас» эпосундай маалымат бере алуучу башка бир тарыхый булактар кездешпейт деп айтсак болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абдылдаев Э. “Манас” эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. – Фрунзе: Илим, 1981.
2. Манас. С. Каралаевлин варианты боюнча / Түзгөндөр: Айнек Жайнакова, Абдылдажан Акматалиев, – Бишкек: «Турар», 2017.
3. Орозбаков С. Манас. 1-китеп. – Режим доступа: https://new.bizdin.kg/kniga/epos-manas-akademicheskoe-izdanie-po-variantu-sagymbaya-orozbakova-pervaya-kniga; Орозбаков С. Манас.1-2-3-4-китеп. – Режим доступа: https://new.bizdin.kg/kniga/epos-manas-vtoraya-knig

Манас: Сагымбай Орозбакуулунун варианты боюнча (ВСО). – Фрунзе: Кыргызстан, 1-китеп, 1978; 2-китеп, 1980; 3-китеп, 1981; 4-китеп, 1982.

4. Молдобаев И.Б. Эпос «Манас» как источник по истории государственности кыргызов» – Бишкек, 2004.
5. Макелек Өмүрбай Кыргыздын мамлекетүүлүгү жазма булактарда. – Бишкек: “Улуу Тоолор”, 2016.
6. Манас энциклопедиясы. 1-2-том. – Бишкек, 1995.



УДК: 81
DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-152-163



**Сейпидин Ысак уулу**
Түндүк-Батыш педагогика университети, Эл аралык маданият алмаштыруу институту, КЭР
**Сейпидин Ысак уулу**
Северо-Западный педагогический университет,
Институт международного культурного обмена, Ланьчжоу, Китай
**Seypidin Ysak uulu**
Institute of International Cultural Exchange, Northwest Normal University, Lanzhou,China


# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТРАНСГРАНИТТИК АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ
# ИССЛЕДОВАНИЕ ТРАНСГРАНИЧНЫХ ВАРИАЦИЙ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА
# A STUDY OF CROSS-BORDER VARIATIONS OF KYRGYZ LANGUAGE


**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макала социолингуисттин байланыштуу теорияларына сөөнүп Кыргыз тилинин трансграниттик жайгашуусунун калыптанышы жана өз ара байланыштары, Кыргыз тилинин трансграниттик түрү жана өзгөчөлүктөрү, Кыргыз тилинин

трансграниттик ажырымдыктарынын айгенелениши, Кыргыз тилинин трансграниттик вариациясынын себептери жөнүндө иликтөө жүргүзүүнү максат кылат.

**Аннотация:** В статье основное внимание уделяется формированию и взаимосвязи кыргызского языка через границы с опорой на социолингвистические теории, анализируются виды, характеристики и трансграничные вариации кыргызского языка, обсуждаются их причины.

**Abstract:** This paper focuses on the formation and interrelationship of Kyrgyz language across borders by relying on sociolinguistic theories, analyzes the types, characteristics and variations of cross-border Kyrgyz languages, and discusses their causes.

**Негизги сөздөр:** трансграниттик тил; айырмачылык; кыргыз тили; фактор.

**Ключевые слова:** трансграничные языки через границы; разница; кыргызский язык; фактор.

**Keywords:** languages across borders; difference; kyrgyz language; factor.

Трансграниттик тил (Languages across borders) бул дүйнөдөгү жалпы лингвистик кубулуш болуп бир тилдин окшобогон ар кандай мамлекет чек ичине таралуу кубулушун билдирет. Кыргыз тили Кыргызстандын мамлекеттик тили болуп Кыргызыстандын негизги калкы болгон кырыгыз эли жана аз сандагы азчылыктар колдонушат да негизинен Кыргызстан, Кытай, Өзбекстан, Казакстан, Россия, Тажикстан, Түркия, Афганистан, Индия, Пакистан сыяктуу ондон ашуун өлкөлөрдүн айрым бөлүктөрүнө таралган. Кыргыз тилин кезекте болжолу 6-7 миллионго жакын адам колдонот. Алардын арасында Кыргызстан жана Кытай мамлекеттериндеги кыргыздардын сааны кыйла көп тилдик айырмачылыктар да бир кыйла көрүнүктүү. Кыргызстанда болжолу алты милиондон ашуун киши бар, мунун көп пайызы кыргыздар. Ал эми кытайда болсо эки жүз миңден ашуун кыргыздар бар болуп алардын көбү КЭР Шинжаң уйгур автономиялуу облусу Кызыл-Суу кыргыз автономиялуу району жашашат. Андан бөлөк Шинжаң уйгур автономиялуу облусу Иле казак автономиялу районунун бир бөлүк жерлеринде (Текес, Көктерек, Шаты) жана Тарбагатай районунун бир бөлүк жерлеринде ошондой эле КЭР Хейлоңжаң дубаны Фуйү районунда жашашат.

## I. Кыргыз тилинин трансграниттик жайгашуусунун калыптанышы жана өз ара байланыштары

Кыргыздар Орто-Азияда тарыхы эң узун болгон элдердин бири болуп эң алгачкы жазма малыматтар Кытай жазма булактарында кездешет.Адатта жазмалардагы Жиян Күн (坚昆), Жие Гу (结骨) баарысы Кыргыз атынын тыбыштык котормо аталышы болуп саналат [12]. Жиян Күн деген бул сөз эң алгачкы «Хан Шу (汉书)»деген китепте кездешет [13]. Таң династиясынын (唐朝) орто жана соңку кездериндеги жазмаларда да ошондой жазылган. Жие Гу деген ат Суй,(隋) Таң династиялардын кезинде эле бар болуп [14] Таң династиясынын Таң Гао Зоң (唐高宗) дооруна чейин колдонулган. Кыргыз (Qïrqïz) деген бул ат Кытай Эки Хан (两汉), Вей (魏), Жин (晋), Түндүк түштүк династиялар (南北朝), Суй, Таң династиялар доорлорунда айрым Гы Күн (鬲昆), Гы Күн (隔昆), Чи Гу (契骨), Жү Ву (居勿), Хы Гу Зы (纥骨子), Хы Гы Си (纥扢斯), Шия Жа Си (黠戛斯), Жиа Жиа Си (戛戛斯) деген атоолор менен аталып жүргөн [15]. Кытандар түптөгөн Лиау динстиясынын кезинде Шия Жа Си (黠戛斯) же Шия Жа Си (辖戛斯) деп аталса, Моңгол

императорлугу кезинде Чиержисы(乞儿吉思) же Жилижисы (吉利吉思), андан кийинки Чиң династиясынын кезинде болсо Булуты (布鲁特) деп моңголдордун “бурут” деген ысымы менен атап кеткен. Бул атоолордун бардыгы Кыргыз атынын окшобогон иеорогилфтер менен жазылышы болуп сланалат. 840-1207 жылдарда Энесай Кыргыз каганаты деп аталган кубаттуу мамлекети жоюлгандан соң алды-арты болуп Чыңгызхан жана анын урпактарынын бийлигинде, Сибир хандыгы, Кокон хандыгы, Жуңгар хандыгы, Жеркен хандыгы, Чиң династиясы сыяктуулардын бийлигинде толугу менен же жартылай баш ийүүдө жашашкан. Он тогузунчу кылымда дүйнөнүн түзүлүшү чоң өзгөрүүлөргө дуушар болду. Бул өзгөрүүлөрдүн бири Борбордук Азиядагы геосаясаясаттын кайра уюштурулушу болуп саналат. Орус империясынын Борбор Азияга карай кеңейишине ээрчий орустардын карамагына өткөн, бир бөлүк уруулары Кытай бийлигинин карамагында кала берген. Советтер союзу ыдырагандан соң Кыргыз тилинин трансграниттик айрымасы анык билинди. Кыргызстан эгемендүү мамлекет болуп түптөлүп кыргыз тилинин оорду бир кыйла жогоруулоолорго жетишти.Тегинде бир эле топ болуп жашап турган кыргыз эли Кыргызстан, Кытай, Өзбекстан, Тажикистан, Ооган жана Казакстан сыяктуу мамлекеттердин чеги ичинде бөлүнүп кала берди. Кийинчерээк азыркы Тажикстанга караштуу Памирдеги жашаган кыргыздар Рахманкулдун жетектеши менен Ооганстанга, анан Пакистанга көчүп барышкан. Ысыкка чыдай алышпай көптөгөн кишилер өлгөн жана бийик тоодо жашап көнүп калган тоо калкы катуу кыйналып 1980-жылдары АКШ өкүмөтүнөн Алияскага көчүүнү өтүнүп, алардан кабар болбогон соң 1982-жылы Түркия өкүмөтүнө кайрылып миңден ашуун киши самалёт менен Түркияга көчүп жергиликтүү түрк эли менен байланышта болуп кыргыздардын жаңы бир тобун түздү. Индияда жашаган кыргыздар балким ошолордун бөлүнүп калгандары болсо керек. Ал эми КЭР Хейлонжаң Фуйү окуругунда жашаган кыргыздар болсо кыргыздардын өзгөчө бир тобу болуп саналат. Себеби алар кыргыздардын байыркы ата мекени болгон Энесайдан эрте мезгилде чыгышка көчпүп келип жашап калышкан. Алардын тилдик өзгөчөлүктөрү байыркы кыргыз тилинине жакыныраак. Бүгүнкү күндө бул топтогу кыргыздар кыргыз тилинде сүйлөй алышпайт. Ал эми Россиядагы кыргыздарды эки топко бөлүп айтууга болот. Бир тобу болсо тегинде Энесай жана ошол чөлкөмдө жашап Теңиртоого көчпөй калып калган кыргыздар тобу. Бул топтогулар акырындап айланадагы башка улуттар менен сиңишип жаңы башка улуттарды пайда кылды. Жана бир тобу болсо кыргызстандан эгемендүү мамлекет болуп түптөлгөндөн соң Россияга жумуш издеп көчүп барган жумушчу кыргыздар болуп булардын саны да бир милиондун тегерегинде болуш керек.

Натыйжада, башында Кытай Цин династиясынын бийлиги астында болуп бир аймакта жашап бир тилде сүйлөгөн жана орток маданиятка ээ Кыргыз эли башка-башка мамлекеттердин чеги ичинде калып өзүнчө жашаган мамлекеттин же элдин окшобогон маданият жана иеделогиянын таасирине учурап өз алдынча жаңы өнүгүүгө карай бет алды. Орто Азия жана Россиядагы кыргыздарга орус тилинин таасири күчтүү болду. Ал эми Түркияда жашаган кыргыздар түрүктөрдүн таасирине учурады. Огандагы кыргыздар бийик тоолуу аймакта жашагандыктан өздөрүнүн мурдагы тилдик өзгөчөлүктөрүн сактап калуу менен Пушту тилинин таасирине аз да болсо учурады. Кытайда болсо байыркы тилдик өзгөчөлүктөрүн сактап калуу менен кошо айланадагы Кытай, Уйгур, Казак тилдердин таасирине учурап өздүк өнүгүү жолуна түштү. Алтургай адабий тилдик нормаларын бекитип диалектик айрымачылыктарды калыптандырууга жетишти. Тактап айтканда он-жыйырма жылдар мурда айланадагы уйгур, казак тилдеринин таасирине учураган болсо жакынкы

жылдардан бери кытай тилинин таасири көрүнүктүү болду. Өзбекстанда жана Казакстанда жашаган кыргыздар болсо жашоонун айынан же өздөрү жашаган мамлекеттеги тил саясатынын басымы менен ошол элдин тилин же орус тилин үйрөнүүгө күч салып эне тили белгилүү деңгээлде таасирге учурап жатат. Бул абал Өзекстанда бир кыйла көрүнүктүү болуп алтургай илгерки кезде Өзбекстанда көптөгөн кыргыздардын кийинки кездерде акырындап өзбек болуп кеткени айрым малыматтарда айтылып жүрөт. Демек тилдин коомдук кубулуш экени ушул жагынан да байкалат. Кыргыз тили айланадагы тилдердин таасирине учурабай калбаган.

**II. Кыргыз тилинин трансграниттик түрү жана өзгөчөлүктөрү**

Трансграниттик тилдин кең манидеги жана тар манидеги эки түрү бар. Чектешкен мамлекеттердеги окшош бир тил ошондой эле чек арасыз өлкөлөрдөгү окшош бир тил. Мисалы, Британиядагы англис тили жана Америкадагы англис тилдери; Кытай жана Сингапурдагы кытай тили; Кытайдагы Миао тили жана АКШ, Канададагы Миао тили жана башка. Ал эми тар манидеги Трансграниттик тил дегенибиз географиялык жактан бири-бири менен чектешкен өлкөлөрдөгү бир тил. Мисалы, корей тили негизинен Түндүк Кореяда, Түштүк Кореяда жана Кытайдын Жилин Янбиан Корей автономиялык префектурасында таралган (Dai Qingxia, 2004). Бул жерлер географиялык жактан бир-бири менен чектешип турат. Бул теориядан караганда кыргыз тили кең манидеги трансграниттик тил түрүнө таандык. Себеби кыргыз тили жалпысынан Борбор Азияда чектешип таралганы менен өз ара чектешпеген мамлекеттерде да жайгашкан. Мисалы, түркиядагы кыргыздар менен орто азиядагы кыргыздар географиялык жактан чектешпейт. Кыргызстандагы кыргыздар менен орусиядагы кыргыздар да түздөн-түз чектешпейт. Оогандагы кыргыздар менен кыргызстандагы кыргыздар жана кытайдын түндүк чыгышындагы кыргыздар да таптакыр чектешпейт.

Трансграниттик тилдер таралышы, колдонулушу, трансграниттик бөлүнүү убакыты жана тил айырмачылыктары жагынан ар кандай болот. Кыргыз тилинин трансграниттик өзгөчөлүктөрү деп буларды айтууга болот: Биринчи, кыргыз тили дүйнө жүзүндө көптөгөн мамлекеттерге таралган. Экинчи, кыргыз тилин Кыргызстандагы колдонуучулардын саны башка мамлекеттерден көп. Үчүнчү, улут аты ар башка тилде башкачараак аталат. Мисалы, Кыргызстанда, Казакстанда, Өзбекстанда “кыргыз” деп аталса Тажикстан менен Ооганстанда “qirghiz” деп аташат. Түркияда болсо “кыргыз түрклери” деп аташат. Кытайда Кы ыр кы зы(柯尔克孜) деп кытайлык кыргыздарды атаса кыргызстандагы кыргыздарды Жи эр жи сы(吉尔吉斯) деп атайт. Төртүнчү, географиялык жактан чектешкендери да чектешпегендри да бар. Мисалы, жогоруда айтылгандай Түркиядагы кыргыздар менен борбор азиядагы кыргыздар географиялык жактан чектешпейт. Кыргызстандагы кыргыздар менен орусиядагы кыргыздар да такыр чектешпейт. Оогандагы кыргыздар менен кыргызстандагы кыргыздар жана Кытайдын түндүк чыгышындагы кыргыздар да чектешпейт. Ал эми Кыргызстан менен чектешкен мамлекеттерде болсо кыргыздар коңшу болуп жашашат. Бешинчи,Трансграниттик бөлүнүү жагынан караганда да татаал. Окшобогон мамлекеттердин ичинде бөлүнүп калуу тарыхы узун болгондору бар жана кыска болгондору да бар. Мисалы, кытайлык кыргыздар менен Кыргызстандагы кыргыздар Улуу Биртания, Кытай жана Орус империясы он тогузунчу кылымдын соңундагы чегараларды бөлүшүнөн пайда болуп бүгүнкү күнгө чейин бир кылымдан ашуун убакыт болду. Борбор Азиядагы башка мамлекеттердеги кыргыздар менен Кыргызстандагы кыргыздардын бөлүнүп калышына тек отуз жылдай гана убакыт болду. Түркиядагы кыргыздарга болсо жарым кылымга жакын

убакыт болду. Бөлүнүү тарыхы эң узак болгону кытайдын түндүк чыгышындагы Фуйү кыргыздары болуп алар Юан династиясы кезинен баштап эле Энесайдан көчө баштаган. Ошондон бери эсептегенде сегиз жүз жылга жуук убакыт болду. Байланыштуу маалыматтарга караганда алар үч жолу көчүп келген. Мындан башка Юан династиясынын (Моңгол улуу империясы) түптөөчүсү Кубулайхан 1293-жылы Кытайдын Суңхуа Жаң дариясынын бойлоруна бир бөлүк кыргыздарды Энесайдан көчүрүп дыйканчылык иштерине салган (Анывар байтур,1986). Бүгүнкү күндө алардын дайыны белгисиз болуп кытайларга сиңип кеткен болуш керек. Булардын көп бөлүгү кытай Чиң династиясынын 1732-1761 жылдар аралыгында чыгышка көчүрүлгөн болуп тили байыркы Энесайлык кыргыздардын тилине жакын деген тыянакка келген (ВУ Юаньфең, 2010). Алтынчы, тилдин трансграниттик айрымасынын чоң же кичүү болушунан караганда кыргыз тилинин трансграниттик айрымасы арбашка. Оболу эң батыш чектеги кыргыздар болгон Түркиядагы кыргыздардын тилин айтсак, жарты кылымга жакын убакыттан бери түрк тилинин таасирине учурап сөздүк лексикасында күндөлүк жашоодо көп кездешүүчү сөздөрдө түрк тилинен кирген киринди сөздөр кездешет. Буга байланыштуу видеолордо жана жазма материялдардан байкоо кыйын эмес. Жаштары кош тилдүү болуп акырындап түрк тилине көчүү мүмкүнчүлүгү бар. Себеби бул топтогу кыргыздардын саны бир кыйла аз болуп башка өлкөдөгү кыргыздар менен болгон аралыгы узак болгондугу үчүн тыгыз карым-катнашы аздап кездешет. Тек зарыл жумуштар болсо же заманбап байланыш куралдары аркылуу кана карым-катнашын түзушөт. Алардын ата-журту болгон Памир жергесинин жашоо шарты катаал, каттоо жолу ыңгайсыз болгондуктан булар да Түркияга аз каттай алат же башка жердеги кыргыздар менен негизинен каттоо түзө алышпайт. Бир жагынан түркиядагы кыргыздар тегинде эле кыргыз тилинин түштүк батыш диалектинде болуп өзүндүк эрекчеликке ээ болгон. Ошондуктан алардын тили менен кыргызстандагы кыргыз тилинин ортосунда көрүнүктүү айрымалыктар байкалат. Ооганстандагы кыргыздардын тили менен кыргызстандагы кыргыз тилинде да белгилүү айрымачылык бар жана бул ажырымдык жылсайын чоңоюуда. Жогоруда айтканыбыздай Ооганда жашаган кыргыздардын жашоо-шарт жагдайы катаал, каттоо жолдору ыңгайсыз жана жан саны бир кыйла аз ( болжолу эки үч миң тегерегинде болуш керек) болгондуктан тышкы маданияттан бөлүнүп калып өнүгүүгө жетише албай мурдагы тилдик өзгөчөлүктөрүн жакшы сактап келет. Ал эми кыргызстандын тегерегиндеги Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстандагы кыргыздар менен Кыргызстандагы кыргыз тилинин ортосундагы айрыма салыштырмалуу бир кыйла аз. Себеби булар орток болгон маданият курамында болуп Советтер Союзу ыдыраганга чейин орустардын таасиринде болгон. Эгемендикке кол жеткирген болсо да орустардын тасиринен кутула алышпады. Ошону менен өздөрү жашаган мамлекеттин мамлекет тилинин таасири да байкалат. Кытайдагы кыргыз тили менен башка мамлекеттердеги кыргыз тилин айрымасы жөнүндө айтсак, жогоруда айтылгандай бул эки мамлекеттеги кыргыз тили бир кылымдан ашуун убакыт бөлүнүп тургандыктан (КЭР Фуйү кыргыздары бир нече кылымдык бөлүнүү тарыхы бар) тилдериндеги айрымачылык бир кыйла көрүнүктүү жана бул ажырымдык огобетер чоңоюп жатат. Мунун ички себеби болсо кытайдагы кыргыз тили байыркы жана жакынкы доордогу тилдик каражаттарды сактап калып акырындап өнүгүү жолунда жүрдү. Тышкы фатор болсо жогоруда айтылгандай илгерки кезде катоо жолдору ыңгайсыз, маданият алмашуулар тыгыз болгон эмес. Айланадагы уйгур жана казак тилдеринин тасирине жолуккан болсо жакынкы он канча жылдан бери кытай тилинин тасири көрүнүктүү болуп жаштар негизинен кытай тилин биле турган болушту. Кош тилдүүлөрдүн саны көбөйдү,

элдин жалпы сапаты көтөрүлдү. Маданият алмашуулар да тыгыз болду. Ошентип бул эки элдин ортосундагы тил өздүк өнүгүү багытына бет алды. Төмөндө биз өкүлдүк мүнөөздүү болгон Кыргызстандагы кыргыз тили менен Кытайдагы кыргыз тилинин ортосундагы жалпы айырмачылыктарын мисал келтирип иликтөө жүргүзөбүз.

**III. Кыргыз тилинин трансграниттик ажырымдыктарынын айгенелениши**

Трансграниттик тилдин ажырымдыгы адатта фонетика, лексика, грамматикасемантика жана жазуу жактардан айгенеленет да лексика жактагы ажырымдыгы бир кыйла көрүнүктүү болот (Dai Qingxia. 2004). Кыргызстандагы кыргыз тили менен Кытайдагы кыргыз тилинин фонетикалык айрымасы фонемалардын саны жана кээбир сөздөрдөгү фонемалардын айрымалуу окулушу сыяктуу эки тараптан билинет.

**1. Фонетикалык айырмалык**

Кыргызстандагы кыргыз тилинде 39 фонема бар болуп үнсүз тыбыштардан “ц”, “ж”, “щ” сыяктуу үч фонеманын көптүгү менен жана я,ё,ю,е сыяктуу ёттошкон тыбыштар менен кытайдагы кыргыз тилинен айрымаланып турат.“ц”, “ж”, “щ” сыяктуу бул үч фонема жана я,ё,ю,е сыяктуу ёттошкон тыбыштар орус тилинин таасиринен пайда болгон болуп негизинен орус тилинен алынган киринди сөздөрдү жазууда иштетилет. Үндүү тыбыштардын санында ажырымдык жок, бирдей эле он төрт.

Мындан бөлөк кээбир сөздөрдөгү фонемалардын айрымалуу окулушу да Кыргызстандагы кыргыз тили менен кытайлык кыргыздардын тилиндеги тыбыштык жактагы манилүү айрыма. Эки элдеги кыргыз тилиндеги кээбир сөздөрдүн окулушу башкача болот, мисал катары төмөндөгү графикти көрсөтөбүз:

График 1

| Кыргызстан kgz | Кытай kgz | Фонетика айрымасы | Кыргызстан kgz | Кытай kgz | Фонетика айрымасы |
|---|---|---|---|---|---|
| автор | аптор | ф—п;и—о | документ | документ | а—о |
| регион | раён | е—а;г—й | доклад | доклат | а—о |
| география | жаграпия | г—ж;ф—п | сутка | сотке | u—о;а—е |
| социал | сотсиял | ц—с | автобус | аптобус | в—п |
| нормалдуу | нормал | а—о | заказ | закас | з—с |
| организм | орган | а—о | сумка | сомке | у—о;а—е |
| команда | команда | а—о | материал | матырыял | е—и |
| объектив | обектип | а—о | Япония | Жапония | й—ж |
| Монгол | Моңгул | а—о | субъектив | собектип | у—о;в—п |
| профессор | прафессор | а—о;ф—п | щетка | чотке | щ—ч |
| архив | архип | в—п | стул | үстөл | у—ү |
| Конфуций | коңзы | а—о | шоколад | шакалат | д—т |
| грамм | гырам | гр—гир | товар | товар | а—о |
| Христиан | хырыстыян | и—ы | | | |

Бул графиктен эки тилдеги кээбир тыбыштардын окулушунда мындай бир нече айрымылыктын бар экенин билүүгө болот. Биринчи, Кыргызстан Кыргыз тилинде “о” тыбышы “о” деп окулбастан “а” деп окулат. Кытай кыргыз тилинде болсо кандай жазылса ошондой окулат деген эрежеге шай бул тыбыш “о” деп окулат. Кыргызстан Кыргыз тилинде “в” тыбышы Кытай кыргыз тилинде “п” тыбышына,Кыргызстан Кыргыз тилинде “ц”

тыбышы Кытай кыргыз тилинде “с” тыбышына шайкеш келет.Кыргызстан Кыргыз тилинде “у” тыбышы Кытай кыргыз тилинде “о” тыбышына шайкеш келет. Сөз соңундагы “д” тыбышы кытай кыргыз тилинде “т” тыбышына шайкеш келет. Кыргызстан Кыргыз тилинде “щ” тыбышы Кытай кыргыз тилинде “ч” тыбышына шайкеш келет. Кыргызстан Кыргыз тилинде бир муунда эки үндүү чогуу кездешет, бирок кытай кыргыз тилинде болсо, бир муунда эки үндүү болбойт.Демек бул эки тилдеги айрым сөздөрдөги тыбыштардын бир-бирине шай келүүчүлүк эрежеси байкалат, бирок айрым сөздөрдө бул түрдүү шай келүүчүлүк эрежеси билинбейт. Кыргызстан Кыргыз тилиндеги бул эрекчеликтер орус тилинин таасиринен пайда болгон болсо кытай кыргыз тили эзелки тилдик өзгөчөлүктөрүн сактап калганына байланыштуу.

**2. Лексикалык айырмалык**

Лексикалык вариация негизинен, сөздү колдонуудагы айырмачылыктар жана сөз түзүү өзгөчөлүктөрү жактардан көрсөтүлөт. Сөздөрдү колдонуу жактагы айрымалык киринди сөздөрдө, жаңыдан кирген сөздөрдө жана байыртан бери колдонуп келе жаткан төл сөздөрдө байкалат. Киринди сөздөрдүн мисалы төмөндөгү графикте көрсөтүлгөндөй:

График 2

| Кыргызстан kgz | Кытай kgz | Кыргызстан kgz | Кытай kgz |
|---|---|---|---|
| реклама | гуаңго | зарядка | чоңдиянчи |
| вечат | вейшин | доклад | баугау |
| Туалет, дааратканa | хала | пароль | мима |
| Телевизор ,сыналгы | дияншы | Компания | ширкет |
| копя | фужы | Холодильник, муздаткыч | биңшаң |
| сканер | саумияу | Конфуций | коңзы |
| университет | дашө | Япония | Жапония |

Бул мисалдан биз Кыргызстан Кыргыз тилиндеги киринди сөздөр орус тилинен жана англилис тилдеринен алынган болсо кытайдагы кыргыз тилиндеги киринди сөздөр негизинен кытай тилинен кабылдаган. Айрыкча жаңыдан пайда болгон сөздөр ошол бойдон кытай тилинен кабылданып колдонулууда.

Жаңыдан киргизилген сөздөрдү колдонуу жагынан да айрымачылыктар бар, төмөндөгүсү болсо Кыргызстан Кыргыз тилиндеги бир бөлүк жаңыдан өндүрүлгөн сөздөр. Мисалы:

График 3

| Кыргызстан kgz | Кытай kgz | Кыргызстан kgz | Кытай kgz |
|---|---|---|---|
| учак | айропылан | теле көрсөтүү | Теле берүү |
| жарнама | Гуаңгав,жария | Радио берүү | Радыё уктуруу |
| бийлик | өкмөт | ажоо | Зуңтуң |
| баракча | Пиңтей | жыйынтык | Натыйжа |
| жаңылык | Кабар | азчылык | Азсандуу улут |
| долбоор | Түр, шаңму | ID карта | Шынфнжың |
| ачылыш баяндама | Кайти бавгав | санарип | Сандык малымат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| шилтеме | Лийенже | ишчара | Кыймыл |

Бул графиктен Кыргызстан Кыргыз тилиндеги бир бөлүк жаңыдан өндүрүлгөн сөздөр кытай кыргыз тилинде кытай тилинен алынган киринди сөздөр менен же байыркы төл сөздөр менен айтыларын билүүгө болот. Окшош эле кытай кыргыз тилиндеги жаңыдан жасалган сөздөр да кыргызстан кыргыз тилинде киринди сөздөр аркылуу айтылат, мисалы:

График 4

| Кыргызстан kgz | Кытай kgz | Кыргызстан kgz | Кытай kgz |
|---|---|---|---|
| кызыл конверт | кызилтүйүнчөк | Точилка учтагыч | учтагыч |
| вечат | шыбыркат | пепельница | күлдан |
| стиральная машина, кир жуучу машина | киралгы | термос | чайдан |
| видеомагнитофон | сыналгы | Подчеркнуть басабелгилөө | басабелгилоо |
| рекордер | үналгы | санарип | сандык малымат |
| спутниктик кабылдагыч | калпак | ID карта | жөнбилик |
| Маска ,беткап | беткап | панда | мышык аюу |
| Садик , балабакчка | балабакча | пенал | калемсалгыч |

Байыртан бери колдонулуп келе жаткан төл сөздөрдү колдонуу жагынан да бул эки мамлкеттеги кыргыз тилинде да ажырымдык көрүлөт, мисалы:

График 5

| Кыргызстан kgz | Кытай kgz | Кыргызстан kgz | Кытай kgz |
|---|---|---|---|
| Общяга, жатакана | жатак | династия | падышалык |
| процесс | барыш | провинция | өлкө |
| професиналдык | өлчөмдүү | комната | бөлмө |
| реформа | өзгөрүү | уже | эчак |
| студент | окуучу | настроение | көңүл күй |
| команда | топ | свет | чырак |
| иероглиф | кат | или | же, же болбосо |
| культура | маданият | братан | теңтуш |
| Врач доктур | дуктур | | |

Бул графиктен биз кыргызстан кыргыз тилинде орус тилинен кабылдаган көптөгөн кириндиi сөздөрдүн бар экенин, ал эми кытай кыргыз тилинде болсо байыртан бери колдонулулуп келе жаткан төл сөздөрдүн салыштырмалуу сактап калганын көрөбүз. Кыргызстан кыргыз тилинде орус тилинен кабылдаган сөздөр абдан эле көп болуп, күндөлүк жашоодо колдонулуучу сөздөргө чейин орусташып кеткен, мисал катары: ай аттарын жана убакыт аттарын көрсөтүүгө болот. Кыргызстандыктар “Борбор Азия” деп айтышат, кытайда

болсо “Орто Азия” деп айтылат; “Антип” дегенди кытайда “андай” деп айтат мисалы, “антип айтпа” дегенди “андай айтпа” деп айтат; “дейт го” деген сөз кыргызстанда орус тилинин таасиринен улам колдонулбай калган.

**3. Грамматикалык айырмалык**

Грамматикалык айырмачылыктар негизинен белгилүү бир сөз айкалышындагы же сүйлөмдөгү сөздөрдүн ирет тартибинин окшош болбостугу жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн аз көп болушунда байкалат. Кытайлык кыргыздар менен кыргызстандагы кыргыз тилинин грамматикалык жагында да көптөгөн айырмачылыктардын пайда болуп калганы күнүбүздө байкалып келет. Бул тема бир кыйла кенен тема болгондуктан өзүбүз билип жеткен көрүнүктүү грамматикалык айырмачылыктарын гана мисал келтирип коюу менен токтолобуз. Мисал,“Чоң ыракмат” деген сөз кыргызстанда “ыракмат чоң” деп орус тилинин баяндоо ыкмасында айтылат. “туулган күнүң менен” деген сөз айкашы тегинде туулган күнүң кут болсун! Деп айтылат болчу.

Кыргызстанда “ский” деген сөз жасоочу мүчө колдонулат, айрыкча оозеки тилде. Мисалы,Китайский, женский дегендей. Булар кытайдагы кыргыз тилинде болсо кытайлык, аялча деп айтылат. Демек кыргызстандагы кыргыз тилинде орус тилинен сөз жана тыбыштарды кабылдап эле калбай сөз жасоочу мүчөлөрдү да кабылдап тилдин жашоо күчүн арттырып турган. Ал эми кытай кыргыз тилинде болсо чет тилдин таасири мынчалык таасир кылганы байкалбайт.

**4. Семантикалык айырмалык**

Кытай кыргыз тили менен Кыргызстан кыргыз тили ортосунда сөздүн семантикалыа манисинде да айрымачылык кездешет. Мисал катары буларды айтууга болот, “улут” деген бул сөз кыргызстанда тегиндеги улут деген манисинен башка мамлекет же эл деген маанисине кеңейген болсо кытайда анын мамлекет же эл деген маниси жок; “кат” деген сөз Кыргызстан кыргыз тилинде бирөөгө жазган катты туюнтса ал эми кытай кыргыз тилинде болсо “иеорогилф” жана бирөөгө жазган кат деген эки маниде колдонулат; “жаңылык” деген сөз Кыргызстан кыргыз тилинде News дегенди туюнтса ал эми Кытай кыргыз тилинде болсо “жаңыдан пайда болгон иштер же нерсе” деген манини билдирет да News дегенди “кабар”деп айтат; Кызыкчылык деген бул сөз кыргызстанда benefit деген мааниде колдонулса кытай кыргыз тилинде болсо happy деген мааниде колдонулат; манилүү деген бул сөз кыргызстанда significant деген маниде колдонулса кытай кыргыздарында болсо Meaningful деген маниде колдонулат; кыргызстандыктар “светти күйгүз” (Turn on the light) деп айтса кытай кыргыздары “чыракты жарыт” деп айтат. Күйгүз деген Burn it off деген манини билдирет кытай кыргыз тилинде;Агай деген бул сөз кыргызстанда teacher деген манидн колдонулса кытай кыргыз тилинде көбүнчө болсо brother деген маниде колдонулат;Азчылык деген бул сөз кыргызстанда minority деген манидн колдонулса кытай кыргыз тилинде болсо less,small деген маниде колдонулат; Чогулуш деген бул сөз кыргызстанда meeting деген манидн колдонулса кытай кыргыз тилинде болсо activity деген маниде колдонулат;Кыймыл деген бул сөз кыргызстанда Move деген манидн колдонулса кытай кыргыз тилинде болсо Move жана activity деген маниде колдонулат.Бул сыяктуу мисалдарды чогултса көп кездеше берет.

**5. Жазуу жактагы айырмачылык**

Кезинде орток чагатай жазуусун колдонгон кыргыздар учурда ар башка системадагы жазууларды колдонот. Кытайдын Шинжаңда жашаган кыргыздар араб жазуусу негизинде түптөлгөн (чагатай жазуусу негизинде түптөлгөн деп айтылса дурус) жазууну колдонот.

Кытайдын түндүк чыгышындагы Фуйү кыргыздары кытай жазуусун колдонот. Кыргызстанда жана Борбор Азияда (Тажикстан, Өзбекстан, Казакстан) болсо Славян жазуусун колдонот. Ооганстанда пушту жазуусун, Түркияда болсо түрк жазуусун колдонот. Колдонгон жазуулар арбашка болгондуктан алардын жазуу эрежелери да арбашка болоору барыбызга маалым. Ошондуктан окшош бир сөздөрдүн жазылуу эрежелери да айрымалуу болот. Жазуунун ар башка болушу өз-ара байланышууда кедерге жаратышы анык.

**IV. Кыргыз тилинин трансграниттик вариациясынын себептери**

Трансграниттик тилдин айрымасынын пайда болушунда географиялык жана социалдык факторлордон алып кароого болбойт. Географиялык көз караш менен караганда, диалекттер жана жергиликтүү тилдер сыяктуу, алар тоо жана дарыя тоскоолдуктары сыяктуу табигый мейкиндик аралыктардын болушунан улам бөлүнүп турат да убакыттын өтүшү менен тилдердин ичинде айырмачылыктар пайда болот. Карасак дүйнөдөгү кыргыздар кезекте окшобогон географиялык чөйрөдө жашап турушат жана башка-башка мамлекеттин чеги ичинде бөлүнүп турат. Социалдык аспектиден бул мамлекеттик чек аралар жана ар кандай саясий, экономикалык жана маданияттык системалар сыяктуу социалдык мейкиндик аралыктардын болушу менен шартталган, натыйжада дүйнөдөгү трансграниттик кыргыз тилдеринде айырмачылыктар пайда богон. Чыгыштан батышка карай айтсак, кытайдын түндүк чыгышындагы кыргыздар (Фуйү кыргыздары) тээ эртеде эле чыгышка көчүп бөлүнүп башка улуттар менен аралашып, алардын таасирин кабылдап акырындап бүгүнкү күндө аларда эне тилде сүйлөөчү киши байкалбайт. Шинжаңдагы кыргыздар болсо жогоруда айтканыбыздай кезинде айланадагы улуттардын таасирине учураса азыркы күндө кытай маданиятынын таасир этиши күрүнүктүү болуп жаңылыктарды кабылдап оозеки тилде көптөгөн кытайча сөздөр кирди. Бир жагынан бул жердеги кыргыздар тоо-таштын араларында жашагандыктан салыштырмалуу эне тилди жакшы сактап калды, тилдин үнүгүүсү акырын болду.Оогандагы кыргыздар болсо бийик тоо-таштардын арасында бөгөө жашоодо калгандыктан алардын тили сырткы факторлордун таасирине учуроошу аз болгондуктан бир кыйла таза тилди сактап калуу менен кошо пушту тилинин жана маданиятынын таасирине учурады. Борбор Азиядагы кыргыз тилин негизинен орус маданиятынын таасирине терең кабылып тилди байытып көп өнүгүүлөргө ээ болду.

Түркиядагы кыргыздар болсо түрк маданиятынын таасирине учурап алар да башка бир өнүгүү жолунда болду. Бирок коомдук жана географиялык бул эки фактор бири-бири менен тыгыз байланышта жана аларды бөлүү кыйын. Географиялык жана социалдык факторлордун айкалышынан улам трансграниттик тилдер жөнөкөй диалекттерге жана жергиликтүү тилдерге караганда тезирээк мутацияланат.

Трансграниттик тилдин айрымасы көптөгөн факторлор менен аныкталат, анын ичинде трансграниттик убакыттын узактыгы, чек аранын эки тарабындагы тургундардын ортосундагы алмашуулардын жыштыгы, трансграниттик тил жайгашкан өлкө ортосундагы мамилелер, трансграниттик этникалык топ менен башка этникалык топтордун ортосундагы мамилелер, трансграниттик этникалык топтун кабыл алуучу өлкөнүн негизги этникалык топтун байланышы ж.б.у.с. Жогоруда айтылгандай, эгер трансграниттик убакыт узак, эки тараптын тургундарынын алмашуусу аз, негизги этникалык топтун таасири чоң, айлана-тегеректеги башка этникалык топтор менен байланыш көп болсо анда бул тилде айрымалык көрүнүктүү болот. Анын тескерисинче өлкөлөрдүн ортосунда байланыш тыгыз болуп башка тилдердин таасирине аз учурап орток бир маданият системасында болсо анда трансграниттик вариация белгилүү бир деңгээлде чектелет.

**Колдонулган адабияттар**


1. Oskon Osmonov & Cholpon Turdalieva.A history of kyrgyzstan.Bishkek 2016.

2. Dai Qingxia. Sociolinguistics.Commercial Press.2004.

3. Baytur, A. (1986a). Lectures on Kirghiz History. Artish: Kizilsu kirghiz press.

4. Ву Юаньфең. Кыргыздардын чыгышка көчүп Хейлоңжаңга келиш тарыхын изилдөө жөнүндө жалпы иликтөөлөр, «Хейлоңжаң улуттар изилдөөсү журналы», 2010(06).

5. Сейпидин Ысак уулу. Кыргыз тилинин фонетикалык эрекчеликтери,«Тил адабият журналы», 2020 (06).

6. Кеңеш Жусупов.«Кыргыздар» (Санжыра, Тарых, Мурас, Салт), Бишкек: Кыргызстан басмасы, 1991.

7. Реми Дор.«Ооган Памириндеги Кыргыздар»(Тарыхый-этнографиялык баян), которгон.П.Казыбаев, Бишкек: Кыргызстан басмасы, 1993.

8. Sh. Japarov, T.S. (2013).Textbook of dialectology of the Kyrgyz language (2ed.).Bishkek: I.Arabaev Kyrgyz State University Publishing House.

9. Sartbaev, K.K., Kudaybergenov, S.Akmatov,T.K.(1980).Grammar of the Kyrgyz literary language. Frunze(Kyrgyzstan): Ilim Publishing House.

10. Mukambaev, J. (1972). Dialectical dictionary of the Kyrgyz language. 1(6). Frunze, Kyrgyzstan: Ilim Publishing House.

11. Caifuding Yishake.On the phonetic features of the southern Kirghiz dialect in China,Turkic Languages, 2022.26,8-30.

12. Pullyblank E.G. “The Name of the Kirghiz”, Central Asiatic Journal, Vol. 34, No. 1-2, 1990, p. 98-108.

13. （Хан династиясы）Бан Гу(班固)： «Хан Шу(汉书)» жетимишинчи орому «Чын Таң баяны(陈汤传)», Жуң Хуа китеп басмасы, 1962-жыл, 3008-бет.

14. (Соң династиясы) Доң Ёу (董逌) жазган, Жао Вей (赵伟) корректирлеген: «Гуаң Чуан Хуа Ба(广川画跋)», Шан Ши басма медия тобу, Шан Ши агартуу басмасы, 2015-жыл, 75-77 беттер. (Соң династиясы) Ваң пу (王溥): «Таң Хуй Йао (唐会要)» жүзүнчү орому «Жие Гу каганаты (结骨国)», Шаң Хай эски китептер басмаканасы, 2006-жыл, 20120-бет.

15. Гы Күн（鬲昆）” караңыз (Хан династиясы) Сы Ма Чиян (司马迁): «Тарых наама (史记)» 110-орому « Щоңнулар баяны (匈奴列传)» (Жуң Хуа китеп басмасы, 2014-жыл, 3498-бет.); “Гы Күн（隔昆）” караңыз «Хан Шу (汉书)» 49-орому «Щоңнулар баяны (匈奴传)» (3753-бет.); Чи Гу “契骨” караңыз (Таң династиясы) Лиң Ху Ды Фын (令狐德棻) «Жоу Шу (周书)» 50-орому «Түрүктөр баяны (突厥传)» (Жуң Хуа китеп басмасы, 1971-жыл, 908-бет.); Жү Ву(居勿) караңыз (Соң династиясы) Йө Шы (乐史): «Тай Пин Хуан Йу Жи (太平寰宇记)» 199-орому «Шия Жа Си (黠戛斯)» (Жуң Хуа китеп басмасы, 2007-жыл, 3821-3823 беттер; Гы Гу Зы（纥骨子）караңыз (Таң династиясы) Вей Ждың (魏征) сыяктуулар жазган: «Сүй Шу (隋书)» 84-орому «Телилер баяны (铁勒传)» (Жуң Хуа китеп басмасы, 1973-жыл, 1879-бет. Бул бетте Чи Гу (纥骨) деп атаган) жана «Таң Хуй Йао» 100-орому «Жие Гу мамлекети (结骨国)» (2120-бетте Хы Гу Зы (纥骨子) деп атаган.); Хы Гы Сы (纥扢斯), Шия Жа Си (黠戛斯), Жиа Жиа Сы (戛戛斯) деген атоолор «Таң Хуй Йао» 100-орому «Жие Гу мамлекети (结骨国)» (2021-бет.). Мындан башка караңыз Э.Г. Пуллибланк,“Кыргыздардын аты жөнүндө (The Name of the Kirghiz)”, 98-108 беттер.